Колдонулган адабияттар:
1.胡毅, 我国柯尔克孜语南部方言及其特点. 民族语文, 1999. **04**: p. 7.
2.玛克来克·玉买尔拜, 试论新疆柯尔克孜语方言. 语言与翻译, 1986. **02**: p. 5.
3.Сейпидин Ысак уулунун Кытай түштүк кыргыздарынын эл арасынан жыйнаган тил материялдарынан иреттп алынды.
4.Мукамбаев, Ж., Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. 2009, Фрунзе: Илим басмасы.
5.Ш. Жапаров, Т.С., Кыргыз тилинин текстологиялык сөздүгү. Second ed. 2013, Бишкек: Э.А Атындагы кыргыз мамлекеттик университети басмасы.
6.Б.М.Юнусалиев, заметки о выпадении некоторых согласных в основах тюркских языков. Vol. 4. 1966, Baku(Azerbaijan).
7.https://hanyu.baidu.com/zici/s?wd=%E8%AF%AD%E9%9F%B3&query=%E8%AF%AD%E9%9F%B3&srcid=28232&from=kg0
8.https://hanyu.baidu.com/s?wd=%E9%9F%B3%E4%BD%8D&from=zici
9.https://hanyu.baidu.com/s?wd=%E9%9F%B3%E4%BD%8D%E5%8F%98%E4%BD%93&from=zici

Рецензент: д.филол.н., профессор Лайлиева И.Ж.

УДК 415.61 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2021-2-79-82

Стамалиева Э.Ж.
И.Арабаев атындагы КМУнун котормо таануу кафедрасынын ага окутуучусу
Стамалиева Э.Ж.
Старший преподаватель кафедры переводоведения КГУ им. И.Арабаева
Stamalieva E.J.
Senior Lecturer, Department of Translation Studies, KSU named after I. Arabaeva

ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИ КОТОРУУНУН АЙРЫМ ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ
НЕКОТОРЫЕ ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ ПЕРЕВОДА ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ
SOME THEORETICAL PROBLEMS OF TRANSLATION OF PHRASEOLOGICAL UNITS

Аннотация: Бул макалада фразеологизмдердин бөтөнчөлүктөрү көрсөтүлдү. В.В.Виноградов сунуштаган фразеологизмдердин үч тиби берилди. Алар: фразеологиялык ширешме, фразеологиялык биримдик, фразеологиялык айкалыш; Ч.Айтматовдун “Ак-Кеме” жана “Биринчи мугалим” чыгармаларынан алынган кээ бир фразеологиялык бирдиктердин англис жана орус тилдерине которууда колдонулган ыкмалар каралды. Жыйынтыгында, каралган мисалдардын ичинен фразеологизмдерди которууда фразеологиялык аналог жана сыпаттоо ыкмалары колдонулганын көрө алдык.

Аннотация: В этой статье были указаны особые черты фраеологизмов. Были даны следующие 3 типа фразеологичеких единиц предложенным В.В. Винаградовым: фразеологическое сращение, фразеологическое единства, фразеологическое сочетания; Было рассмотрено способы перевода фразеологических единиц с кыргызского языка на английский и русский языки, взятые из произведения “Ак – Кеме” написанным Ч.Айтматовым. Из рассмотренных фразеологизмов, большое количество фразеологизмов было переведено использованием фразеологического аналога и описательного перевода.

Annotation: The definition of the term ‘Phraseological unit’ and its peculiarities were given in the article. The following three types of phraseological units, suggested by Vinogradov V.V. were given: phraseological union, phraseological unity, phraseological combination; The ways of translation of some phraseological units from Kyrgyz into English and Russian Languages were

given, which were taken from the works “Ak - Keme” and “First Teacher” written by Ch.Aitmatov. Among the investigated phraseological units, a large number of phraseological units were translated using a phraseological analog and a descriptive translation.

Негизги сөздөр: фразеологизм, фразеологиялык ширешме, фразеологиялык биримдик, фразеологиялык айкалыш, которуу, которуу ыкмалары, эквивалент, аналог; антономикалык котормо;

Ключевые слова: фразеологизм, фразеологическое сращение, фразеологическое единства, фразеологическое сочетания, перевод, методы перевода, эквивалент, аналог;

Keywords: phraseological unit, phraseological union, phraseological unity, phraseological combination, translation, methods of translation, equivalent, analog;

Бул макалада фразеологизмдерди которуунун айрым теориялык маселелери каралмакчы.

Фразеологизмдердин төмөндөгүдөй бөтөнчөлүктөрүн ээ:

- фразеологизмдер эң кеминде эки же андан көп сөздөрдүн өз ара айкалышкан курамынан турат;
- анын курамындагы сөздөр дайыма туруктуу болот, б.а., аларды башка сөздөр менен алмаштырууга болбойт;
- фразеологизмдер кепте сөз сыяктуу эле дайыма даяр материал катары колдонулат;
- фразеологизмдер образдуулук касиетине ээ;
- фразеологизмдерге лексика-семантикалык бүтүндүк мүнөздүү, б.а., фразеологизмдердин компоненттери өзүнүн алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, калган компонентер менен бирге башка бир маанини билдирет. [1.49 бет]

В.В.Виноградов тарабынан фразеологизмдерди класификациялоонун азыркыга чейин колдонулуп келе жаткан төмөнкүдөй үч тиби аныкталып, сунуш кылынган: фразеологиялык ширешме (фразеологическое сращение), фразеологиялык биримдик (фразеологическое единства), фразеологиялык айкалыш (фразеологическое сочетания). [2. 240 бет]

Фразеологиялык ширешме. Составындагы сөздөрдүн лексикалык маанисине эч кандай байланышы жок, алардын өзгөчө жана ушул туруктуу сөз айкашын жалпы камтыган бирдиктүү мааниге ээ болуп колдонулуучу фразеологизмдер фразеологиялык ширешмелер деп аталат. Фразеологиялык ширешмелер идиомалар деп да аталып келет. Маселен, ат үстүнөн деген фразеологиялык ширешме “үстүртөн”, “жеңил-желпи”, төбө чачы тик туруу “коркуу” ж.б. [2.240 бет]

Фразеологиялык биримдик тууралуу сөз кыла турган болсок, туруктуу метафоралык айкалыштар фразеологиялык биримдик тобуна кирет. Фразеологиялык биримдикке төмөндөгүдөй мисалдарды келтирсе болот: баш катырма (“абдан татаал”,”көп ойлоно турган”), узун кулак (“уганаак”, “тез уга коймо”), оозуу батпоо (“батынып, даап айта албоо”, “айта албай тартынуу” ж.б.) [2.242 бет]

Фразеологиялык айкалыш. Тилдин азыркы кездеги абалы боюнча алып караганыбызда, өз алдынча лексикалык мааниге ээ боло албаган жана тилде өзалдынча колдонулбай, айрым бир туруктуу сөз айкаштарынын составында гана учурай турган бир катар сөздөр бар. Мындай сөздөр фразеологизмдердин өзүнчө бир тиби болуп саналган фразеологиялык айкалыштардын составдык элементин гана түзө алат. Алар ошол составдагы бир же бир нече сөзгө байланган, андан обочолонуп кете албаган абалда турат, тилдин лексикалык составындагы башка сөздөр менен эркин айкалышып колдонулуу мүмкүндүгүнө ээ эмес. Алсак, өнө бою, жер менен жексен кылуу ж.б. [2.243 бет]

И.С. Алексееванын “Введение в переводоведение” (2011) аттуу эмгегинде фразеологизмдерди которууда биринчи кезекте аларды идентификациялоо керектигин айтат, башкача айтканда, текстин фонунда семантикалык бирдикти аныктоо зарыл экендигин белгилей кеткен. Антпесе, аларды өз алдынча семантикага ээ болгон сөздөрдүн ырааттуулугу катары кабыл алуу кесепети, котормодогу каталарга жол берилип калышы мүмкүн экенин эскерткен. [3.200 бет] И.С.Алексеева төмөндөгүдөй мисалды берген: Австриянын

дубляждалган тасмасынын негизги каарманы каарман кыз менен сүйлөшүп жатат (орус тилине которулган): “У тебя лицо кислое, будто неделю идет дождь”(сөзмө сөз которулушу: “эки жума жаан жагансып, жүзүн кычкыл”). Жүздү аба ырайы менен каймана мааниде салыштыруу, сүйлөп жаткан адамдын кандайдыр бир индивидуалдык - автордук ойлоп табуусу катары баамдалышы мүмкүн. Чындыгында, бул немис тилиндеги белгилүү фразеологизм: «Du machst ja ein Gesicht, wie vierzehn Tage Regenwetter» Мындай фразеологизм үчүн орус тилинде башкача образда берилген, бирок семантикасы жагынан бирдей болгон бир нече аналогдор кездешет. Мисалы: «Словно лимон проглотил», «мрачнее тучи» ж.б.

Фразеологизмдерди бир тилден экинчи бир тилге которууда колдонулуп келген ыкмаларга сереп салуудан мурда, которуу стратегиясынын биринчи кадамы кандай көрсөтүлгөнүн туура көрдүк: Которуунун стратегиясынын биринчи катары эсептелген түп нуска текстти анализдеп алуу зарыл экенин окумуштуу Кенжебаев Д.О өзүнүн (Котормонун илимий теориялык негиздери, 2014) аттуу эмгегинде баса белгилеген. Которуу алдында түп нуска текстти анализдөө ишине киргизилген төмөндөгүдөй негизги иш аракеттер айтылган: Которуу ишине киришүүдөн мурун түп нуска текст менен таанышып чыгып, андагы информациянын түрүн аныктап алуу; Аныкталган информациянын мүнөздүү белгилерин көрсөтүүчү тилдик каражаттарды таап, алардын котормо тилдеги эквиваленттеринин ичинен түп нусканын контекстине шайкеш келген эквивалентин белгилөө; Окумуштуу Кенжебаев Д.О. белгилеген которуунун биринчи стратегиясы дал ушул фразеологизмдерди бир тилден экинчи бир тилде берүүдө да колдонулса болот деген пикирдебиз.

Фразеологизмдердин ар бир тибин которууда котормонун кандай ыкмалары колдонулганын карап көрсөк. Мисалдар Ч.Айтматовдун “Ак кеме” жана “Биринчи мугалим” аттуу чыгармаларынан алынды.

1) Фразеологиялык ширешмелерди же идиомаларды которуунун жолдору: Бир тилдеги идиомалар башка бир тилдеги идиомалар менен курамындагы компоненттердин которулушу жагынан дал келбесе дагы, бүтүндөй мааниси жагынан дал келип калган учурларда, алардын которулушу катары колдонулат. Алар фразеологиялык эквиваленттер болуп эсептелинет. Мисалы, англис тилиндеги “It rains cats and dogs” деген идиоманын маанисин толук туюндурган орус тилиндеги “Льет как из ведра” (сөзмө сөз которулушу: чакалап куйгандай) деген идиома чагылдырат. “Cat my dogs” (англис тилинде) – “Вот те на!” орус тилиндеги эквиваленти (сөзмө сөз которулушу: Мына сага!);

- Бекей таежесинин көңүлү чак болгону сейрек, көбүнеси жылдызы жерге түшүп, томсоруп жүргөнүн көрөсүн. [4.278 бет] Англис тилинде төмөндөгүдөй берилген: - Most of the time, gloomy and irritable, she paid no attention to her nephew. [8. 12 бет] Мында “жылдызы жерге түшүп” деген фразеологизм – “gloomy and irritable” (сөзмө – сөз которулушу: “капалуу жана ачууланып”) сыпаттоо ыкмасы аркылуу берилгенин көрө алдык.

2) Фразеологиялык биримдиктерди которуунун жолдору

Фразеологиялык биримдиктерди бир тилден экинчи бир тилге которууда идиомалар сыяктуу эле мааниси жагынан дал келген фразеологиздердин аналогдорун жана ошондой эле котормонун сыпаттоо ыкмасын колдонсо болот. Мисалы: - О, жеңе болуп аталган жүзү кара шум катын, ылайым убалым сага жетип, төгүлгөн көз жашым, төгүлгөн дене каным тополоң сел болуп, сени тумчуктура каптаса экен! [5. 58 бет] Орус тилинде төмөндөгүдөй которулган: - Тетка, черная твоя душа, будь же ты проклята во веки веков! [6.382 бет] Мында котормочу “жүзү кара” деген фразеологизмди орус тилине которууда “черная твоя душа” деген орус тилиндеги аналогду колдонгон.

- Эй, балам, - деди аптыга сүйлөп, балдырап. - Бу сенин ата - тегинди го билебиз: бизге окшогон кара таман. Анан сен кайдан жүрүп молдо болдун. [5.18 бет]. Орус тилинде төмөндөгүдөй берилген. – Слушай, сынок, - начал он заикающейся скороговоркой, - раньше детей учили муллы, а твоего отца мы знали: такая же голытьба, как и мы. [6.356 бет]. Мында котормочу “кара таман” деген фразеологизмди орус тилине “голытьба” (кедейчилик) деп которуп, сыпаттоо ыкмасын колдонгон.

- Баланы бу дүйнөдөн бир алаксытса машинедүкөн гана алаксытат. Андай учурда баарын унутуп, чымын-куюн чуркап жөнөйт. [4.269 бет] Англис тилдиндеги которулушу төмөндөгүдөй берилген: - Alone, without playmates, the boy lived with the simple things around him, and only the store truck could make him forget everything and rush to meet it. [8. 5 бет] Мында "чымын- куюн чуркоо" деген фразеологизмди берүүдө котормочу "rush" (сөзмө – сөз которулушу: "шашуу") деп, башкача айтканда, сыпаттоо менен берилген.
- А жанагы акча балакетиң курусун, жоктун жону катуу деген ошол. [4. 276 бет] Англис тилиндеги котормосу төмөндөгүдөй берилген: As for money, what can you do if your pockets are empty? [8. 10 бет] Мында котормочу "жоктун жону катуу" деген фразеологизмдин ангис тилиндеги аналогун "if your pockets are empty" (сөзмө – сөз которулушу: "эгер сенин чөнтөгүн бош болсо") колдонгонгонун көрө алдык.
3) Фразеологиялык айкалыштарды которуунун жолдору
- Акчасы жок куру алаканга мал келеби. [4. 270 бет] Англис тилдеги которулушу төмөндөндөгүдөй берилген: And without money, how could you buy anything? [8. 6 бет] Мында котормочу "куру алакан" деген фразеологизди берүүдө "without money" (сөзмө сөз которулушу: "акчасыз") фразаны колдонуу менен сыпатто ыкмасын колдонгон.
- Көптөн бери көрүнбөй көзгө сүртүүгө дары болдуң го. [4. 275 бет] Англис тилиндеги котормосу төмөндөгүдөй берилген: "How much water has gone by since we last met. Welcome to our parts!" [8. 10 бет] Мында котормочу "көзгө сүртүү" деген фразеологизмди берүүдө англис тилиндеги "How much water has gone" (сөзмө сөз которулушу: "канчалаган суулар акты") деген фразеологиялык аналогту колдонгон.

Ч. Айтматовдун "Ак-Кеме" жана "Биринчи мугалим" чыгармаларынан алынган айрым фразеологиялык бирдиктердин кыргыз тилинен англис, орус тилдерине которулушун карап көрүп, фразеологиялык аналог жана сыпаттоо ыкмалары колдонулганын көрө алдык.

Колдонулган адабияттар:

1. Абдиев Т. Котормо таануу илимине киришүү. Бишкек, 2008.
2. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орфоэпия. Графика жана Орфография. Лексикология жана фразеология: Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнүн студенттери үчүн – Б.: "Кыргызстан", 1998. 256 б.
3. Алексеева И.С. Введение в переводоведение: учеб. пособие для студ.учреждений высш.проф.образования /И.С.Алексеева. – 5-е изд.,испр.- СПБ.: Филологический факультет СПбГУ; М.:Издательский центр «Академия», 2011.- 368с.
4. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 2-том.Повесттер.- Түз.А.Акматалиев.Б.: Шам, 1999.- 496 б.
5. Айтматов Ч. Биринчи Мугалим. Кыргыз мамлекеттик окуу – педагогика басмасы. Фрунзе.1963
6. Айтматов Ч. После сказки (Белый пароход) – Материнское поле.- Прощай, Гульсары! – Первый учитель. – Лицом к лицу. – Джамиля. – Тополек мой в красной косынке. – Верблюжий глаз. – Свидание с сыном. – Солдатенок. (Повести и рассказы). Ф., «Кыргызстан», 1975.
7. The White Ship, translated by Mirra Ginsburg. Crown publishers Inc., New York, 1972

Рецензент: филол.и.д., профессордун м.а. Кенжебаев Д.О.